| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>АЛАМҮДҮН РАЙОНУ<br>ЛЕНИН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН<br>ЛЕНИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

2023-жылдын 27-январы № 97/25-XXVIII Ленин а.

## Айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча комиссиянын курамын бекитүү туралуу

Ленин айыл аймагында жайгашкан айыл чарба жерлери мамлекеттик фондунун жерлерине ижарага берүүгө укук берүү боюнча аукциондорду өткөрүүгө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө" Типтүү жобого ылайык, Ленин айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1**. Курамында комиссия түзүлсүн:

Комиссиянын төрагасы:

- Б.К. Шакиев – Ленин айылдык кеңешинин депутаты

Катчы:

-Н.Б. Исаева – Ленин айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы

Комиссиянын мүчөлөрү:

- И. Орозахунов- Ленин айылдык кеңешинин депутаты
- К. Кымыналиев- Ленин айылдык кеңешинин депутаты
- Э.Н. Аалиев- Ленин айыл өкмөтүнүн башчысы
- А.Д. Курманалиев- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигине караштуу Аламүдүн райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын адиси
- В.Н. Залунин- Ленин айыл өкмөтүнүн турак жай коммуналдык чарба боюнча жетектөөчү адиси
- И.В. Фоменко- Ленин айыл өкмөтүнүн кирешелер боюнча башкы адиси
- А.Т. Джаркинбаев- Ленин айыл өкмөтүнүн айыл чарба жана жер жайгаштыруу боюнча адиси

**2**. Аукцион өткөрүү жолу менен жер комиссиясынын жобосу бекитилсин:

- Лотторду түзүү жана алардын чек араларын аныктоо;

- Жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча аукциондун ар бир лоту боюнча баштапкы ижара акынын өлчөмүн белгилөө (мында баштапкы ижара акынын өлчөмү жер салыгынан 20%дан кем эмес жогору болууга тийиш);
- Ар бир лот боюнча аукциондун кадамынын өлчөмүн белгилөө (баштапкы ижара акысынын 10%дан 20%га чейинки өлчөмүндө);
- Жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча ижара акысын төлөөнүн формаларын жана мөөнөттөрүн аныктоо;
- Аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюу;
- Типтүү жободо белгиленген башка функцияларды ишке ашыруу.

**3**. Жер комиссиясынын иш тартиби конкурс аркылуу бекитилсин
- Лотторду (конкурска коюлган жер участокторун) түзүү жана алардын чек араларын аныктоо;
- Конкурстун шарттарын аныктоо (анын ичинде ижара акысынын өлчөмүн);
- Жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча ижара акысынын баштапкы же белгиленген өлчөмүн белгилөө;
- Сынактын шарттарынын бири ижара акысынын өлчөмүн белгилөө (баштапкы ижара акысын аныктоо, ижара акысынын өлчөмү жана формасы, ижара акысын төлөө шарттары боюнча эң жакшы шарттарды сунуштаган катышуучу жеңүүчү деп табылат); же
- Сынактын шарттарынын бири катары ижара акынын өлчөмүн белгилебестен (ижара акысы белгиленет, жер участогун жакшыртуу боюнча эң жакшы инвестициялык милдеттенмелерди сунуштаган катышуучу жеңүүчү деп табылат). Мында баштапкы ижара акынын өлчөмү тиешелүү жерлер боюнча жер салыгынын өлчөмүнөн төмөн болушу мумкун эмес;
- Жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча ар бир лот боюнча ижара шарттарын аныктоо;
- Жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча ижара акысын төлөөнүн формаларын жана шарттарын аныктоо;
- Сынактын жыйынтыктарынын протоколуна кол коюу;
- Типтүү жободо белгиленген башка функцияларды ишке ашыруу.

**4**. Жер комиссиясы өз ишинде “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө” Типтүү жобону жана башка ченемдик укуктук актыларды так жетекчиликке алат.

**5**. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө ишин өзүмө калтырам.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЛЕНИНСКИЙ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ ИНН 00706199610044

**Төрага** **Ж.К.Танабаев**